**3. Preservation of Cultural Heritage as a condition for the existence of the Multipolar World.** It has been proven that the preservation of the World heritage is a factor for maintaining cultural diversity and ensuring respect for the individual's dignity. It has been determined that our "Organic Growth Principle," according to which, paraphrasing Heraclitus' words, "everything grows, everything changes" (person, society, art, the World), perfectly characterizes the specifics of the formation of cultural heritage, or "The Garden of Memories"—a grandiose, ever-expanding work of art created by humanity since time immemorial. It has been revealed that during the periods of geopolitical tension in global development, the "Principle of Organic Growth" comes into conflict with the "Principle of Absence," referring to the displacement, damage, and destruction of the personally meaningful works of art. It has been discovered that art cannot be completely destroyed, since the "disappeared" artworks continue to live in the memory of those who communicated with them, and, in turn, those masterpieces ensure the "resurrection" of the people striving for the recovery of the cultural heritage and enable them to overcome the finitude of being by means of preserving "in-themselves" their memory. It has been revealed that the ability to see the beauty of ruins and turn destruction into a method of creation significantly expands the understanding of art, opening up opportunities for a deeper understanding of the mechanisms of memory retention in matter and the formation of "memory collages" from Antiquity to the present day.

**4. Theory of Socio-Cultural Personality.** It has been revealed that our Theory of Socio-Cultural Personality creates the foundation for the formation of a "new"

person who is aware of the enduring significance of cultural heritage of Humanity as a valuable source of knowledge, ensuring the stability of society and the whole World, searching for new ways to preserve and enrich it while recognizing and defending a positive image of other cultures. It has been established that the formulated principles and regularities determine the strategic directions of the work of putting the proposed Theory into practice. Characteristic regularities of **the Systemicity Principle,** underlining the close interconnection of the elements of the Universe as a whole, are the *transformativity* of all the components of the system; the *nonlinearity* or reversibility of the processes occurring with them; and the tendency towards the *stabilization* of their development. The main regularities of **the Principle of Freedom of Cultural Self-determination** are the *multipolarity* of the cultural environment; the *anxiety* generated by the need to make a choice; and the *defalsification*, aiming at preventing attempts to distort the identity of an individual and a work of art. **The Principle of Dialogicity** is based on such regularities as the *interactivity*; the *equality*, or mutual respect; and the *symphonicity*, denoting a feeling of unity of an individual not only with the participants of cultural communication but also with the entire Spiritual Memory of the Universe. The regularities of **the Principle of Organic Growth** are the *rhizomaticity*, or decentralization of the structure of the "Garden of Memories"; the *evolutionism*; and the *historicism*, referring to the flow of the inner life of each person and work of art. **The Principle of Absence** relies on the regularities of the *indestructibility* of memory expressed in artworks; their *revival* in the memories of people who interacted with them; and the *resurrection*, the overcoming of the finiteness of human life through art. **The Principle of Creativity** builds upon the regularities of the *continuity* of the development of the Universe through the manifestation of the creative activity of an individual; the *decolonization* as a creative correction of the "rewritten" history; and the *relativity* of generally accepted patterns of thinking.

**5. The Concept of the Permanent Cultural Self-determination of an Individual.** It has been determined that our Concept of the Permanent Cultural Self-determination of an Individual in the conditions of geopolitical tension of World development eliminates the contradiction between the diversity of the works of various

types of art, reflecting the memory of the past, and the ability of modern people to understand the meaning of the ideas expressed in them. It has been discovered that despite the high degree of complexity of the process of searching for oneself in the World and its Culture, art has a unique ability to stop the inexorable movement of the spatio-temporal "machine" of existence and put it out "beyond the brackets." It has been established that the improvement of the quality of dialogue of an individual with a work of art, viewed not as an object but as a full-fledged participant in cultural interaction, provides them with a unique opportunity to escape from the chaos of uncertainty of the transitional periods and experience the connection with Eternity.

**6. Four-stage Synergetic Multifunctional Model of Socio-Cultural Self-determination of an Individual.** It has been established that our Model of Cultural Self-determination of an Individual provides limitless opportunities for their growth. It has been revealed that the consistent progress through the *cognitive*, the *dialogic,* and the *educational* levels (self-organization and defalsification of meaning) to the pinnacle of *creativity*, allowing a person to manifest their "divine," spiritual essence, does not result in stagnation but leads to a shift to a new round of their spiral development when, finding themselves "at the crossroads" of a transitional period of their existence, they make a deliberate choice in favor of the permanent self-improvement and enrichment of the Universe by the power of art, overcoming the ideological "Eurocentrism."

**7. The interactive, rhizomatic, and permanently expanding "Memory Map".** It has been confirmed that our "Memory Map"—a rhizomatic formation, open, reversible, and continuously modified—is a powerful tool for activating society's interest in the cultural heritage of humanity, raising their awareness of the importance of its preservation and replenishment. It has been established that the virtual travel routes, indicated on the "Map"—1. Religion, Social Upheavals, Victory Monuments; 2. Travelers, Walks Along the Streets, Exploration of Nature, Attending Cultural Events, Meetings with Interesting People; 3. Joy, Love, Negative Experiences; 4. Memory of the Place, Attempts to Erase Memory—contribute to the optimization of the individual's orientation in the space-time of memories, reflected in the works of various types of art. It has been found that the advisory nature of the usage rules

increases the level of interest of an individual in marking the "missing" cultural objects on the "Memory Map" and acts as an additional incentive for learning and their creative self-expression. It has been discovered that the "Memory Map" is an "ideological conglomerate," a collective work of art of lasting value.

In the First Chapter of the dissertation a conclusion has been made about the absence of a holistic, systemic solution to the stated problem. The Second Chapter examines the object and subject of the study. The Third Chapter demonstrates the Theory of Socio-Cultural Personality, the Concept of Permanent Cultural Self-determination of an Individual in conditions of geopolitical tension, the Synergetic Multifunctional Model of Cultural Self-determination of an Individual, and the "Memory Map". The Conclusion summarizes the results of the study.

**Author's Contribution.** The Theory of Socio-Cultural Personality, the Concept of the Permanent Cultural Self-determination of an Individual in conditions of geopolitical tension, the Synergetic Multifunctional Model of Cultural Self-determination of an Individual, and the "Memory Map," allowing people to explore the memory of the past expressed in works of art, have been developed.

**Research Results** have been presented at international conferences.

**Completeness of reflection of the dissertation results in publications. A total of 37 papers, including articles in Scopus and HAC indexed journals:**

1. Phenomenology of Light in the Aesthetic Views of J. Fosse on the Example of His Work "Another Name. Septology I-II." HORIZON. Vol. 13, №2 (2024), P. 542-555.
2. The Preservation of Cultural Heritage as a Factor for Maintaining the Cultural Identity of an Individual // Vestnik Sankt-Peterburgskogo Universiteta, Filosofiia i Konfliktologiia. V., № 2 (2025), P. 275-286.
3. Colonialism and cultural self-determination of the individual // Vestnik KNU. №3 (2025). P. 394-398.

**Structure and Scope of the Dissertation.** The dissertation consists of an introduction, containing the scientific basis of the survey; three chapters and their conclusions; a general conclusion, and a list of references. Total volume is 130 pages.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДОКТОРАНТУРА МЕКТЕБИ**

**«ФИЛОСОФИЯ» PhD ПРОГРАММАСЫ**


Кол жазма укугунда


УДК:130.2:172.1(575.2)(04)


**Маслякова Анна Ивановнанын**
**530100 «Философия» багыты боюнча (PhD) философия доктору даражасын изденип алуу үчүн жазылган**
**«Дүйнөлүк өнүгүүнүн геосаясий чыңалууларынын шарттарындагы инсандын маданий өзүн өзү аныктоо контекстиндеги эс тутум идеясы (Антикалык доордон бүгүнкү күнгө чейинки искусствонун ар кыл чыгармаларынын мисалында)» аттуу темадагы диссертациялык ишинин**

# АБСТРАКТЫ


**Илимий жетекчиси:**
филос.и.д., профессор Сааданбекова Ч.И.
**Чет элдик илимий теңжетекчиси:**
филос.и.д., профессор Попов Е.А.


**БИШКЕК – 2026**

## КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Эс тутум идеясы азыркы мезгилде абдан олуттуу жана курч мааниге ээ болуп жаткандыгын моюнга албай коюга болбой турган нерсе. ЮНЕСКО тарабынан демилгеленген «Аалам эс тутуму» («Memory of the World Program») бирден-бир максаттуу программасынын бири болуп бардык дүйнө жүзүнүн документалдык мурастын (“enhance public awareness about the significant of documentary heritage among the wider public”)[2]. иш алып баруусу жана маани-манызы туурасындагы маалыматтуулугунун жогорулоосу эсептелет. Көптөгөн изилдөөчүлөр өткөн тарыхсыз азыркы мезгилде толук кандуу жашоо мүмкүн эместигин белгилешет. Ал эми тарыхый окуяларды авторлордун чыгармачыл элестетүүсүнүн призмасы аркылуу чагылдырган көркөм өнөрдүн улуу чыгармалары менен руханий байланыш түзүү инсандын өзүн-өзү таанып-билүү жана өзүн-өзү аныктоо процессин тереңдетүүгө, ошондой эле анын психикалык абалын оптималдаштырууга өбөлгө түзөт.

Дүйнөлүк аренада болуп жаткан окуялар, албетте, тарых, искусство, эс тутум жана инсандын өзүн-өзү аныктоосунун ортосундагы өз ара байланышты кайрадан терең аңдап түшүнүү милдетин алдыбызга коюуда. Анткени мурда таянып келген ыкмалар жана түшүнүктөр бүгүнкү күндө өзүнүн актуалдуулугун жоготуп баратканы айкын байкалууда. Азыркы дүйнө дагы бир жолу өткөөл тарыхый мезгилди баштан кечирүүдө. Бул мезгил жогорку деңгээлдеги туруксуздук, глобалдык өзгөрүүлөр жана окуялардын мындан аркы өнүгүшүн алдын ала так болжолдоонун өтө татаалдыгы менен мүнөздөлөт. Мындай шартта өткөн тарыхтын сабактарын канчалык деңгээлде туура өздөштүрө аларыбыз биздин келечегибизге түздөн-түз таасирин тийгизери талашсыз.

Бир жагынан алганда, маданият — бул өзүнчө инсандык деңгээлде да, бүтүндөй мамлекеттердин деңгээлинде да иденттүүлүктүн калыптанышына түрткү берүүчү негизги факторлордун бири болуп саналат. Экинчи жагынан, тарыхтын өткөөл жана бурулуш учурларында көркөм өнөр чыгармалары өзгөчө

---

[2] Memory of the World. URL: https://www.unesco.org/en/memory-world (accessed: 21.03.2025).

аялуу абалга туш болот. Татаал геосаясий кырдаалдын шартында алардын тагдыры коомчулук үчүн мурдагыдай мааниге ээ болбой калат, чыгармаларга камтылган маани-мазмундар бурмаланып чечмеленет, ал эми көркөм мурастардын өзү дүйнө жүзү боюнча көчүрүлүп, жоголуп же талкаланып кетүү коркунучуна кабылат. Чындыгында, адамзаттын маданий фондусунун ажырагыс бөлүгүн түзгөн искусство чыгармаларынын жоголушу өзүнчө инсандын, белгилүү бир социалдык топтун же жалпы дүйнөлүк коомчулуктун маданий өзүн-өзү аныктоо процессине терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Ошол эле учурда эмгекте байкалган «европоборбордук» ыкманын үстөмдүгү башка элдердин философиялык көз караштарынын элементтери менен толукталат. Анын негизги максаты — тарыхты бир жактуу жана алдын ала калыптанган көз караштар аркылуу баалоонун жаңылыштыктарын көрсөтүү, ошондой эле аларды оңдоонун, искусствону фальсификациядан арылтуунун жана деколонизациялоонун жолдорун издөө болуп саналат.

**Диссертациянын темасынын приоритеттүү илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоолоор) же негизги илимий эмгектер менен байланышы.** Изилдөө Кыргыз Республикасынын 2021–2026-жылдарга карата «Кыргыз жараны» жарандык иденттүүлүгүн өнүктүрүү концепциясынын, Кыргыз Республикасынын 2021–2025-жылдарга карата мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасынын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын 2020–2030-жылдарга карата жаштар саясатынын концепциясынын максат-милдеттеринин алкагында жүргүзүлдү. Ошону менен катар изилдөө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы №369 Жарлыгы менен бекитилген «Улуттук рух - дүйнөлүк бийиктиктер» аттуу Кыргыз Республикасынын Доктринасынын негизги багыттарына ылайык ишке ашырылды.

**Изилдөөнүн теориялык-методологиялык негизин** синергетикалык (Г.Хакен, С.П.Курдюмов ж.б.), кванттык (А.Эйнштейн, Э.Шрёдингер ж.б.), феноменологиялык (Э.Гуссерль, М.Хайдеггер, Ж.-П.Сартр ж.б.), герменевтикалык (П.Рикёр, Г.Г.Шпет, А.А.Брудный ж.б.) жана антропологиялык

(М.Шелер, Х.Плеснер, А.Гелен, К.Леви-Стросс, К.Юнг ж.б.) ыкмалар түздү. Изилдөөнүн негизги теориялык булактары катары Н.Ф.Федоровдун «Философия общего дела», Л.П.Карсавиндин «О личности», Н.А.Бердяевдин «Смысл творчества», А.Бергсондун «Творческая эволюция», М.Бубердин «Я и Ты», Р.Ингардендин «Онтология произведения искусства», Ж.-П.Сартрдын «Бытие и Ничто», М.Хайдеггердин «Происхождение произведения искусства» жана «Строительство. Жительствование. Мышление», Ж.Делездун жана П.-Ф.Гваттаринин «Тысяча плато», П.Рикердин «Память, история, забвение» аттуу эмгектери, ошондой эле Е.С. Поляковanын «Перманентное развитие личности педагога-музыканта в условиях полисубъектного взаимодействия» жана А.Х. Бугазовдун «Субъективный фактор в системе объективных и субъективных условий исторического развития» аттуу илимий макалалары пайдаланылды.

**Изилдөөдө төмөнкү методдор колдонулду**: дүйнөнүн, адамдын жана искусствонун маданий өзүн-өзү аныктоо процессин дисциплиналар аралык негизде кароого мүмкүндүк берген комплекстүү метод; Антикалык доорунан тартып бүгүнкү күнгө чейинки социомаданий инсандын эволюциясын иликтөөгө шарт түзгөн салыштырма-тарыхый метод; белгилүү бир мейкиндик жана убакыт алкагындагы көркөм туюнтуу каражаттарынын өзгөчөлүктөрүн изилдеген тарыхый-стилдик метод; көркөм чыгармада камтылган символдук мотивдерди талдоо аркылуу анын терең маани катмарларын аңдап түшүнүүгө багытталган иконографиялык метод; социомаданий инсандын калыптануу жана өнүгүү процессинин архитектоникасын, ошондой эле анын калыптанышындагы татаал контекстти ачып көрсөткөн системалык-структуралык метод; мындан тышкары автордук теорияны практикалык жактан ишке ашырууга багытталган ишмердүүлүк методу пайдаланылды.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.**

**Изилдөөнүн максаты** - дүйнөлүк өнүгүүдөгү геосаясий чыңалуунун контекстинде инсандын искусство тарыхынын, эс-тутумунун жана маданий өзүн өзү аныктоонун ортосундагы байланыштарды негиздөө жана ачып берүү.

Изилдөөнүн объектиси - **инсандын** маданий өзүн өзү аныктоосу.

Изилдөөнүн предмети - геосаясий **чыналуулардын шарттарындагы жана эс тутум идеясынын алкагындагы инсандын** маданий өзүн өзү аныктоосу.

**Бул максатка жетүү бир катар** милдеттерди **чечүүнү талап кылат:**

1. Дүйнөлүк өнүгүүнүн чыңалуу жана өткөөл мезгилдеринде эс тутумдун, искусство тарыхынын жана инсандын маданий өзүн-өзү аныктоосунун (иденттүүлүгүнүн) өз ара аракеттенүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн ачып берүү.

2. Антикалык доорунан бүгүнкү күнгө чейинки мезгилде эс тутум идеясынын жана геосаясий чыңалуу шарттарынын контекстинде инсандын маданий өзүн-өзү аныктоо процессин талдоо.

3. Маданий мурас объекттеринин көчүрүлүшү, бузулушу, талкаланышы жана жок кылынышы инсандын маданий иденттүүлүгүнө тийгизген таасирин ачып көрсөтүү.

4. Инсандын социомаданий өзүн-өзү аныктоосунун теориясын сунуштоо, концепциясын иштеп чыгуу жана көп функциялуу моделин түзүү.

5. Заманбап технологияларды колдонуу шартында инсандын маданий өзүн-өзү аныктоо процессин активдештирүүнүн жолдорун кароо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** төмөнкүлөр менен мүнөздөлөт. Изилдөөдө алгачкы жолу:

-өткөөл тарыхый мезгилдерде эс тутумдун, искусство тарыхынын жана инсандын маданий иденттүүлүгүнүн өз ара байланышы системалуу түрдө изилденди;

-антикалык доорунан тартып бүгүнкү күнгө чейинки мезгилде эс тутум идеясынын контекстинде инсандын маданий өзүн-өзү аныктоосу жана маданий иденттүүлүгү талдоого алынды;

-дүйнөлүк көркөм мурас чыгармаларынын көчүрүлүшү, бузулушу, талкаланышы жана жок кылынышы инсандын маданий иденттүүлүгүнө тийгизген таасири ачып көрсөтүлдү, ошондой эле «санкциялык иденттүүлүк», «органикалык өсүү принциби», «жок болуу принциби» түшүнүктөрү илимий

жүгүртүүгө киргизилип, «социомаданий инсан», «инсандын маданий өзүн-өзү аныктоосу» түшүнүктөрү такталды;

-социомаданий инсан тууралуу автордук теория сунушталып, анын заманбап дүйнөдөгү өзүн-өзү аныктоосунун принциптери, мыйзам ченемдүүлүктөрү жана методдору негизделди;

-геосаясий чыңалуу шартындагы инсандын туруктуу маданий өзүн-өзү аныктоо концепциясы иштелип чыкты;

-инсандын маданий өзүн-өзү аныктоосунун синергетикалык көп функциялуу модели түзүлдү;

-заманбап технологияларды колдонуу аркылуу инсандын маданий өзүн-өзү аныктоо процессин активдештирүүгө багытталган интерактивдүү «Эс тутум картасы» иштелип чыкты.

**Иштин практикалык мааниси** төмөнкүлөр менен аныкталат. Геосаясий чыңалуу шартында инсандын маданий өзүн-өзү аныктоо концепциясына жана моделине негизделген социомаданий инсан тууралуу иштелип чыккан теория интерактивдүү «Эс тутум картасы» аркылуу толукталат. Ал ааламдашуу жана маданий алмашуу процесстерин чагылдыруу менен санариптик архивдерге жана мультимедиялык платформаларга интеграциялануу аркылуу жалпы адамзаттык тажрыйбанын бирдиктүү маалыматтык-көркөм мейкиндигине кеңири жеткиликтүүлүктү камсыз кылат.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык мааниси** төмөнкүлөр менен аныкталат. Диссертацияда берилген корутундулар жана сунуштар заманбап билим берүү системасын өркүндөтүүдө маанилүү багыт берүүчү негиз катары кызмат кылууга тийиш. Алар адистерде бүтүндүү жана системалуу ой жүгүртүүнү калыптандырууга, ошондой эле узак мөөнөттүү материалдык жыргалчылык руханий өнүгүүсүз жана ата-бабалардын улуу маданий жетишкендиктерине кайрылуусуз мүмкүн эместигин аңдап түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Өткөн тарыхтын эс тутумун сактап келген искусство баа жеткис руханий байлык болуп саналат. Аны өсүп келе жаткан муундарды окутуунун жана тарбиялоонун негизги каражаты катары пайдалануу инсандын гармониялуу

өнүгүшүнө шарт түзөт. Ал эми маданий мурастарды сактоо жана байытуу өзүнчө мамлекеттердин гана эмес, жалпы адамзаттын туруктуу өнүгүүсүнүн жана гүлдөп-өсүшүнүн маанилүү кепилдиги болуп эсептелет.

**Диссертациянын коргоого сунушталган негизги жоболору:**

**1. Дүйнөлүк өнүгүүнүн өткөөл жана чыңалуу мезгилдеринде өзгөчө ачык байкалган эс тутумдун, инсандын маданий өзүн-өзү аныктоосунун жана искусствонун өз ара байланышы.** Изилдөөнүн жүрүшүндө эс тутумдун, инсандын маданий өзүн-өзү аныктоосунун жана искусствонун ортосунда тыгыз байланыш бар экендиги аныкталды. Бул байланыш өзгөчө дүйнөнүн система катары сапаттык жаңы абалга өтүүсүн шарттаган тарыхый бурулуш мезгилдерде айкын көрүнөт. Эс тутум адамды дүйнөнүн жана маданияттын кылымдарды камтыган тарыхына байланыштырып турган уникалдуу феномен катары каралат. Ал адамга геосаясий чыңалуу мезгилдерин жеңип өтүүгө жардам берип, инсандык жактан маанилүү болгон көркөм чыгармалар тууралуу эскерүүлөр аркылуу таяныч гана эмес, мындан аркы өзүн-өзү өнүктүрүүгө жана өркүндөтүүгө шыктандыруучу булак болуп кызмат кылат. Мындан тышкары, инсандын маданий өзүн-өзү аныктоосу анын турмуштук ишмердүүлүгүнүн ийгиликтүүлүгүн камсыз кылган системаны түзүүчү негизги компонент экендиги аныкталды. Ал татаал жана туруксуз дүйнөдө өзүн издөө процессин билдирип, башка адамдар жана өткөндүн эс тутумун сактап келген искусство чыгармалары менен тең укуктуу диалог жүргүзүү аркылуу ишке ашат. Ошондой эле искусство чыгармасы үзгүлтүксүз өнүгүп турган иденттүүлүккө ээ «жандуу организм» экендиги негизделди. Анын функциялары сүрөттөөчү, көркөм-экспрессивдүү жана коргоочу мүнөз менен гана чектелбестен, өзгөртүүчү функцияны дагы камтыйт. Себеби искусство адамдын жана дүйнөнүн болмушуна олуттуу таасирин тийгизүү менен бирге, маданий коммуникация процессинде өзү дагы өзгөрүп, өзүнүн тарыхый эс тутумун улам байытып турат.

**2. «Инсандын маданий өзүн-өзү аныктоосу» түшүнүгүн ачып берүү, негиздөө жана тактоо.** Изилдөөнүн жүрүшүндө «инсандын маданий өзүн-өзү аныктоосу» адамга дүйнөлүк тарыхтын, маданияттын жана искусствонун

мейкиндиктик-убакыттык континуумунда өзүн ийгиликтүү таанытууга мүмкүндүк берген интегративдүү сапат экендиги далилденди. Ал инсанга өзүнүн иденттүүлүгүнүн туруктуулугу менен анын үзгүлтүксүз өзгөрүлмөлүүлүгүнүн ортосундагы тең салмактуулукту сактоого, ошондой эле айлана-чөйрөнүн түрткү берүүчү таасирлерине жооп берүү менен бирге, өзгөчө геосаясий чыңалуу мезгилдеринде анын басымдуу таасирине туруштук берүүгө шарт түзөт. Ошондой эле инсандын маданий өзүн-өзү аныктоо процесси өтө татаал мейкиндиктик-убакыттык контекстте өнүгөрү аныкталды. Бул контекст тарыхтын жогору багытталган («руханий») жана төмөн карай багытталган («материалдык») векторлорунун айкалышы, өткөөл мезгилдердеги ар түрдүү деңгээлдеги (адам, коом, дүйнө) «бифуркациялык чекиттердин» контрапункттук кагылышы жана өткөн менен келечектин ортосунда «айланып» турган убакыт спиралы аркылуу түзүлөт. Мындан тышкары, чектөөчү эл аралык саясат жана окуялардын өнүгүүсүнүн алдын ала айтуу мүмкүн эместиги адамга өтө терс таасир тийгизери белгиленди. Анын натыйжасында глобалдык өзгөрүүлөр доорунда инсан деформациясынын бир түрү болгон «санкциялык иденттүүлүк» пайда болот. Ал инсандын бүтүндүгүнүн бузулушу, ички «ажырым», өзүнүн «Мененин» айрым компоненттерин четке кагуу же алмаштыруу менен мүнөздөлөт. Мындай көрүнүштөр көнүмүш коммуникация каналдарынын бузулушунан, кызыкдар тараптар тарабынан тарыхый өткөндүн фальсификацияланышынан жана өлкө менен элдин бурмаланган образын калыптандыруудан келип чыгып, адамдын психикалык абалынын начарлашына жана тынчсыздануу деңгээлинин жогорулашына алып келет. Изилдөөдө ошондой эле искусство геосаясий катаклизмдердин борборунда калган адам үчүн кубаттуу руханий таяныч болуп кызмат кылаары аныкталды. Ал муундардын эс тутумунун мурастуулугун камсыз кылып, тарыхтын «тектоникалык жаракаларын» көпүрө сымал бириктирүүчү маанилүү маданий механизм катары көрүнөт.

**3. Маданий мурастарды сактоо көп полярдуу дүйнөнүн жашап турушунун негизги шарттарынын бири катары.** Изилдөөдө дүйнөлүк маданий мурастарды сактоо дүйнөдөгү маданий ар түрдүүлүктү колдоонун жана

инсандык кадыр-баркты урматтоонун маанилүү фактору экендиги далилденди. Ошондой эле биз тарабынан киргизилген «органикалык өсүү принциби» түшүнүгү маданий мурастын калыптануу өзгөчөлүгүн мүнөздөөгө мүмкүндүк берет. Бул принцип Гераклиттин «баары агат, баары өзгөрөт» деген оюн кайрадан чечмелөө аркылуу адамдын, коомдун, искусствонун жана дүйнөнүн үзгүлтүксүз өнүгүп, өзгөрүп турушун билдирет. Мындай көз караш маданий мурасты адамзат тарабынан байыркы доорлордон бери жаралып келе жаткан улам кеңейген зор «Эскерүүлөр багы» катары түшүнүүгө шарт түзөт. Изилдөөнүн жыйынтыгында дүйнөлүк өнүгүүнүн геосаясий чыңалуу мезгилдеринде «органикалык өсүү принциби» «жок болуу принциби» менен карама-каршылыкка кирери аныкталды. «Жок болуу принциби» инсан үчүн маанилүү болгон көркөм өнөр чыгармаларынын көчүрүлүшү, бузулушу жана талкаланышы менен байланыштуу. Ошол эле учурда искусствону толугу менен жок кылуу мүмкүн эместиги негизделди. Себеби «жоголгон» чыгармалар алар менен руханий байланышта болгон адамдардын эс тутумунда жашоосун улантып, өз кезегинде адам болмушунун чектүүлүгүн жеңип өтүүнүн жана «кайра жаралуунун» кепилдиги катары кызмат кылат. Мындан тышкары, алар өздөрүн кайра жаратууга умтулган адамдар тууралуу эстутумду дагы сактап калышат. Изилдөөдө урандылардын сулуулугун көрө билүү жана кыйроону жаратуунун өзгөчө ыкмасы катары кабыл алуу искусство тууралуу түшүнүктү кыйла кеңейтээри дагы аныкталды. Мындай мамиле антикалык доорунан бүгүнкү күнгө чейинки мезгилде эс тутумдун материяда сакталуу механизмдерин жана анын көп катмарлуу коллаждык түзүлүштөрүнүн пайда болуу процессин тереңирээк аңдап түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**4. Социомаданий инсан теориясы.** Изилдөөнүн жүрүшүндө биз тарабынан иштелип чыккан социомаданий инсан теориясы маданий мурастын адамзат үчүн түбөлүктүү мааниге ээ экендигин аңдап түшүнгөн «жаңы» инсандын калыптанышына негиз боло алары аныкталды. Мындай инсан адамзаттын маданий мурасын билимдин баалуу булагы, коом менен дүйнөнүн туруктуулугунун негизи катары кабыл алып, өзүнүн турмушун өткөндүн эс

тутумун сактап келген искусство менен болгон руханий байланыштын негизинде курат. Ошондой эле ал маданий эстутумду сактоонун жана байытуунун жаңы жолдорун ачып, башка маданияттар тууралуу позитивдүү түшүнүктөрдү таанып, аларды колдоого умтулат. Мындан тышкары, биз тарабынан аныкталган принциптер жана мыйзам ченемдүүлүктөр бул теорияны ишке ашыруунун стратегиялык багыттарын аныктай турганы белгиленди. **Системалуулук принциби** ааламдагы бардык элементтердин өз ара ажырагыс байланышын баса белгилейт. Бул системанын негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү катары анын бардык компоненттеринин өзгөрүүгө жөндөмдүүлүгү, сызыктуу эмес өнүгүүсү, жүрүп жаткан процесстердин кайтарымдуулугу жана өнүгүүнүн туруктуулукка умтулуусу каралат. Маданий өзүн-өзү аныктоонун эркиндик принцибинин негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү катары маданий чөйрөнүн көп полярдуулугу, тандоо эркиндигинин алдында инсандын тынчсызлануусу жана инсандын же искусство чыгармаларынын иденттүүлүгүн бурмалоо аракеттеринин алдын алууга багытталган дефальсификация белгиленет. **Диалогдуулук принциби** интерактивдүүлүк, тең укуктуулук жана өз ара урматтоо сыяктуу мыйзам ченемдүүлүктөргө таянат. Ошондой эле симфониялуулук түшүнүгү адамдын маданий байланыштын башка катышуучулары менен гана эмес, бүткүл ааламдын руханий эстутуму менен биримдик сезимин билдирет. **«Органикалык өсүү» принцибинин** мыйзам ченемдүүлүктөрүнө «Эскерүүлөр багынын» ризомалуу жана борборсуз түзүлүшү, эволюционизм жана ар бир адам менен искусство чыгармасынын ички турмушунун өнүгүүсүн чагылдырган тарыхыйлуулук кирет. **«Жок болуу» принциби** искусство чыгармаларында сакталган эс тутумдун бузулбастыгына, алардын адамдардын эскерүүлөрүндө кайра жаралышына жана искусство аркылуу адам өмүрүнүн чектүүлүгүн жеңип өтүүгө негизделет. Ал эми **чыгармачылык принциби** инсандын чыгармачыл активдүүлүгү аркылуу ааламдын үзгүлтүксүз өнүгүшүнө, «кайра жазылган» тарыхты чыгармачыл жол менен оңдоону билдирген деколонизацияга жана жалпы кабыл алынган ой жүгүртүү моделдеринин салыштырмалуу мүнөзүнө таянат.

**5. Жеке инсандын туруктуу маданий өзүн-өзү аныктоо концепциясы.** Анык болгондой, дүйнөлүк өнүгүүнүн геосаясий чыңалуусу шартында биз тарабынан иштелип чыккан жеке инсандын туруктуу маданий өзүн-өзү аныктоо концепциясы өткөндүн эс тутумун чагылдырган искусствонун ар кыл түрлөрүнүн чыгармаларынын көп түрдүүлүгү менен заманбап адамдын аларга камтылган маани-мазмундарды аңдап-түшүнүү жөндөмүнүн ортосундагы карама-каршылыкты жоёт. Адамдын дүйнөдө, маданиятта өз ордун табуу процесси өтө татаал экендигине карабастан, искусство болмуштун мейкиндиктик-убакыттык «машинасынын» токтобос кыймылын убактылуу токтотуп, аны шарттуу түрдө «кашаанын сыртына чыгарууга» жөндөмдүү өзгөчө феномен экендиги аныкталды. Искусство чыгармасы таасир тийгизүүнүн жөн гана объектиси катары эмес, маданий өз ара аракеттенүүнүн толук укуктуу катышуучусу катары каралган учурда, аны менен болгон баарлашуунун сапатын жогорулатуу адамга өткөөл доордун белгисиздик башаламандыгынан чыгып, Түбөлүктүүлүккө жакындоонун уникалдуу мүмкүнчүлүгүн бере тургандыгы белгиленди.

**6. Жеке инсандын социомаданий өзүн-өзү аныктоосунун төрт баскычтуу синергетикалык көп функциялуу модели.** Анык болгондой, биз сунуштаган жеке инсандын маданий өзүн-өзү аныктоо модели өсүп-өнүгүү үчүн чексиз мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Таанып-билүүчүлүк, диалогдук жана агартуучулук (маанилерди өз алдынча уюштуруу жана жалган түшүндүрмөлөрдөн арылтуу) деңгээлдеринен чыгармачылыктын туу чокусуна карай ырааттуу өтүү токтоп калууга эмес, өнүгүүнүн спиралдык жаңы айлампасына көтөрүлүүгө алып келери аныкталды. Мындай шартта өткөөл мезгилдин «жол айрыгына» туш болгон инсан туруктуу өзүн-өзү өркүндөтүүнү, искусствонун күчү аркылуу Дүйнөнү өзгөртүүнү жана дүйнө таанымдагы «евроцентризмди» жеңип чыгууну аң-сезимдүү түрдө тандайт.

**7. Интерактивдүү, ризомалык түзүлүшкө ээ, үзгүлтүксүз кеңейип туруучу «Эс тутум картасы».** Биз тарабынан иштелип чыккан «Эс тутум картасы» - ачык, кайра өзгөртүлө ала турган жана тынымсыз модификацияланып

туруучу ризомалык түзүлүш катары - коомдун адамзаттын маданий мурасына болгон кызыгуусун активдештирүүнүн, аны сактоонун жана байытуунун маанисин аңдап түшүнүүнү ойготуудагы кубаттуу инструмент экендиги тастыкталды. «Картада» белгиленген виртуалдык саякат маршруттары искусствонун ар кыл түрлөрүнүн чыгармаларында чагылдырылган эскерүүлөрдүн мейкиндиктик-убакыттык чөйрөсүндө инсандын багыт алуусун оптималдаштырууга өбөлгө түзөрү аныкталды. Алардын сунуштоо мүнөзү инсандын «Эс тутум картасына» «жетишпей жаткан» маданий объектилерди белгилөөгө болгон кызыгуусун күчөтүп, таанып-билүүгө жана чыгармачылык өзүн-өзү туюнтууга кошумча түрткү болору белгиленди. Ошондой эле «Эс тутум картасы» түбөлүктүү баалуулукка ээ болгон «дүйнө таанымдык конгломерат», башкача айтканда, жамааттык искусство чыгармасы экендиги аныкталды.

Биринчи бапта биз тарабынан коюлган проблематиканын бирдиктүү жана системалуу чечими азыркыга чейин жетиштүү деңгээлде иштелип чыкпагандыгы тууралуу жыйынтык чыгарылат. Экинчи бөлүмдө изилдөөнүн объектиси жана предмети каралат. Үчүнчү бөлүмдө социомаданий инсан теориясы, геосаясий чыңалуу шартындагы инсандын туруктуу маданий өзүн-өзү аныктоо концепциясы, инсандын маданий өзүн-өзү аныктоосунун синергетикалык көп функциялуу модели жана «Эс тутум картасы» сунушталат. Корутунду бөлүмүндө негизги жыйынтыктар жана тыянактар жалпыланып берилет.

**Доктоианттын жеке салымы**. Социомаданий инсан теориясы, геосаясий чыңалуу шартындагы инсандын туруктуу маданий өзүн-өзү аныктоо концепциясы, инсандын маданий өзүн-өзү аныктоосунун синергетикалык көп функциялуу модели жана искусстводо чагылдырылган эс тутумга аралашууга мүмкүнчүлүк берүүчү «Эс тутум картасы» иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробациялануусу** эл аралык илимий-практикалык конференцияларда жүзөгө ашырылды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылуусунун толуктугу.** Бардыгы болуп 37, анын ичинде Scopus (3)

макалалары жана Жогорку аттестациялык комиссиянын (ЖАК) маалымат базаларында индекстелген журналдарда жарык көргөн.

1. Феноменология света в эстетических воззрениях Ю. Фоссе на примере произведения «Другое имя. Септология I-II». HORIZON. Том 13, №2 (2024), 542-555-б.

2. Сохранение объектов культурного наследия как фактор поддержания культурной идентичности личности // Вестник СПбГУ. Философия и конфликтология. Том 41, № 2 (2025), 275-286-б.

3. Колониализм и культурное самоопределение личности // Вестник КНУ. №3 (2025). 394-398-б.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Иш кириш сөздөн, үч бөлүмдөн, корутундудан жана адабияттардын тизмесинен турат. Иштин көлөмү 130 барактан турат.